| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VI сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 8 - августу, № 6/10 Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айылынын Тар дарыясынын боюндагы “Кара-Таш” участкасында көк бөрү оюнуна ылайыкталган ат майданына (маркум) Артыков Намазбектин ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Ылай-Талаа айылынын № 4 жана № 5 бөлүмдөрүнүн жашоочуларынын жалпы жамаатынын 2025-жылдын 19-февралындагы жыйынынын № 4 протоколун карап чыгып айылдык кенештин мыйзамдуулук, укук тартиби, коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиянын сунушунун негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айылынын Тар дарыясынын боюндагы “Кара-Таш” участкасында көк бөрү оюнуна ылайыкталган ат майданына Артыков Намазбектин ысымы ыйгарылсын.

2. Артыков Намазбектин ысымы ыйгарылган ат майданынын абалын талапка ылайык деңгээлде болушун камсыздап, аталышын жаздырып, электр чубалгыларын тарттырып, айланасын көрктөндүрүп дайыма көзөмөлдөп туруу жагы Намазбек уулу Жеңишбекке милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясы комиссиясына (төрагасы М.Исабаев) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**